УДК 82(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-564-575

**Эгембердиева А.А.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aidaegem@rambler.ru

# "ЖАМГЫР КАЛСЫН ЭСИМДЕ..." ЖЕ АПТАПТА СЕРГИТКЕН ЭЛЕСТЕР

**Аннотация:** Бул макалада акын Бактыгүл Көкөтаеванын поэтикалык изденүүлөрү, анын ичинде жамгыр темасындагы ырлары жалпы кыргыз адабиятынын контекстинде каралып, аталган теманын башка акындардын чыгармачылыгындагы ачылышына дагы обзор берилет. Б.Көкөтаеванын ырларындагы өзгөчөлүктөр белгиленет.

Жамгыр темасы – поэзияда биротоло орун-очок алып калган тема. Бул бардык элдердин адабиятындагы көрүнүш. А бирок бүткүл өмүр тагдыры, жашоосу жан-жаратылыш менен бекем байланышта болгон кыргыз элинде табияттын бардык көрүнүштөрү өз алдынча ырга салынган, ар кайсы акындарда ар башкача вариацияланган. Айталы, аккан суу. Аны Жеңижок өзүнчө, Барпы өзүнчө ж.б. ырдашат. Ошол сыяктуу эле жамгырдын образы дагы кыргыз акындары тарабынын ар түрдүүчө сүрөттөлүп, ар башка көркөмдүктө иштелген. Көп акындарда бул мурда-кийин кайрылган жөн салды тема болсо, Бактыгүл Көкөтаеванын жалпы поэзиясында анын өзөгүн түзүп турган көрүнүш катары. Ал жашоодогу бардык нерселерге жамгырдын призмасынан көз чаптырат. Макаланын акындын башка темадагы ырлары тууралуу да сөз болот.

**Негизги сөздөр:** Бактыгүл Көкөтаева, адабият, аялдар поэзиясы, лирика, изденүү, көркөм сөз каражаттары, жамгыр, сагыныч, кусалык, өксүк.

**Эгембердиева А.А.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г.Бишкек
aidaegem@rambler.ru

# "ПУСТЬ ДОЖДЬ ОСТАЕТСЯ В МОЕЙ ПАМЯТИ..." ИЛИ ОСВЕЖАЮЩИЕ ОБРАЗЫ В ЖАРУ

**Аннотация:** В данной статье поэтические искания поэтессы Бактыгуль Кокотаевой, в том числе её стихи на тему дождя рассматриваются в контексте общекыргызской литературы, а также дается обзор раскрытия указанной темы в творчестве других поэтов. Отмечаются особенности стихотворений Б.Кокотаевой.

Тема дождя – тема, которая всегда занимала центральное место в поэзии. Это явление в литературе всх народов. Однако у кыргызского народа, вся жизненная судьба которого тесно связана с природой, все проявления природы самостоятельно облагаются песнями, причем у разных поэтов имеются разные вариации. Например, проточная вода. И Дженижок, и Барпы и т.д. описали её своим поэтическим голосом. Точно так же образ

дождя по-разному описывалась кыргызскими поэтами и прорабатывались в разных художественных формах. Если к этой теме рано или поздно обращаются многие поэты, то она в поэзии Бактыгуль Кокотаевой как матрица. Она смотрит на всё в жизни сквозь призму дождя. В статье также говорится о стихах поэтессы на другие темы.

**Ключевые слова:** Бактыгуль Кокотаева, литература, женская поэзия, лирика, поиск, художественные средства выразительности, дождь, тоска.

**Egemberdieva A.A.**
Doktor of Philology, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aidaegem@rambler.ru

## "LET THE RAIN REMAIN IN MY MEMORY..." OR REFRESHING IMAGES IN THE HEAT

**Annotation:** In this article, the poetic quest of the poet Baktygul Kokotaeva, including her poems on the theme of rain, are considered in the context of general Kyrgyz literature, and also provides an overview of the disclosure of this topic in the works of other poets. The features of B.Kokotaeva's poems are noted.

The theme of rain is a that has always occupied a central place in poetry. This is a phenomenon in the literature of all nations. However, among the Kyrgyz people, whose entire life destny is closely connected with nature, all manifestations of nature are independently composed of songs, and different poets have different variations. For example, running water. And Jenizhok, and Barpy, etc. described it in their poetic voice. In the same way, the image of rain was described differently by Kyrgyz poets and worked on in different poetic forms. If many poets turn to this topic sooner or later, then it is like a matrix in the poetry of Baktygul Kokotaeva. She looks at everything in life through the prism of rain. The article also talks about the poetess's poems on other topics.

**Keywords:** Baktygul Kokotaeva, literature, women's poetry, lyrics, search, artistic means of expression, rain, melancholy.

Кыргыз поэзиясында "жамгыр" темасы – кайсы бир деңгээлде биротоло орун-очок алып калган тема. Анткени көчмөндөрдүн жашоосунда жан-жаратылыштын бардык көрүнүштөрү менен кубулуштары адам дүйнөсү менен камыр-жумур катышта болуп, алардын көңүлүн толкуткан, таасирленткен. А турсун ыңаалап жерге түшкөн наристесине да кыргыздар эшикте көзгө урунган, өзү сезген, көңүлүндө турган нерселер менен көрүнүштөрдү ысым кылып ыйгарып ийгени жакшы маалым. Бекеринен Жайлообай, Жайлообек, Кыштообай, Жамгырбек, Борончу, Балтабай, Козубек, Айылчы, Койлубай, Жылкычы, Дүйшөке, Шейшеке, Бейшеке, Жума сыяктуу адам аттары учурабайт. Ата-бабалар көчүп-конуп жүрүп, ар бир көрүнүштү көңүлүнө түнөткөн, а тургай ырга салган. Башкасын айтпаганда да акындар поэзиясында "Аккан суунун" эле канчалаган вариациялары бар.

"Түрүлүп тээ алыстан калың булут,
Сагынып тоо үстүнөн, карайт бизди
Кыйналып кусалыктан, ооругансып

Шатырап төгөт жамгыр, буулуккансып
Нөшөрлөгөн жамгыр, жагат мага
Уктаган сезимимди, козгойт кайра
Сырдашып жамгыр менен тургум келет
Жүрөктү мыкчып туруп, анан кое берет

Ыйлачы, ыйлап алчы жамгыр
Жүрөккө сактабачы кайгы
Төкчү анда көкүрөктү жеңилдете
Ыйлачы, ыйлап алчы жамгыр

Кайрадан үмүт берип адамдарга
Күчтүүрөөк бутту шилтеп, жаңы кадамдарга
Кайрадан көрөлүчү, күндүн нурун
Коштошуп бир жумага, балким айга
Нөшөрлөгөн жамгыр, жагат мага
Уктаган сезимимди козгойт кайра
Сырдашып жамгыр менен тургум келет
Жүрөктү мыкчып туруп анан кое берет

Ыйлачы, ыйлап алчы жамгыр
Жүрөккө сактабачы кайгы
Төкчү анда көкүрөктү жеңилдете
Ыйлачы, ыйлап алчы жамгыр (кандай жазылса, оңдоосуз бердик) [11]

– деп, акыркы куплетин үч кайрып бирөө сайтка ыр койгон экен. Адабият менен аласа-бересеси жок тынч турмуш өткөргөн бирөөдүр балким автору? А бирок жааган жамгыр анын дүйнөсүн канчалык толкундатып, удургутуп турганын ырдан көрүп атабыз. Жерге, адамга сагынычы артылган булут буулуккансып шатырайт. Ал алыстан түрүлүп келди. Калың булут. Өзүндөгү кусалык менен ооруну, кыйналуусун булут минтип нөшөрлөтүп турат. Анын кусалык, бугу анан жамгырды сүйгөн жигиттин (автору Бакыт Илиясов деп жүрөт, Алтынай Асанбекова деген ырчы ырдайт экен) уктаган сезимин козгоп атат: “жүрөктү мыкчып туруп, анан кое берет”. Анткен сайын лирикалык каарман кайра жамгырдын жүрөгүндөгү кайгы бүт ый болуп чыгып кетсе деп шашылат. Ал өзүнүн мыкчылган жүрөгүнө кайыл. Жамгыр менен сырдашкысы келет, уктаган сезимдери ойгонот, балким анын көп аялуу учурлары жамгыр менен байланыштуу.

Мында автор жамгырды “адамдарга үмүт берген”, “жаңы кадамдарга бутту шилтете турган” күч катары сүрөттөйт. Ага болбой “жүрөктү мыкчып анан кое берет”. “Төкчү анда көкүрөктү жеңилдете...”. Мында сөз ким жөнүндө? Жаагандан жамгырдын көкүрөгү жеңилдейби же ага сезими козголгон, сырдашкысы келип бук болгон адамдын көкүрөгү жеңилдейби? Мында каарман жамгырды аяп атат. Жүрөгүндө кайгы калбаса дейт. Ал эми анын, өзүнүн кайгысы, өзүнүн кусалыгычы?

Акын Гүлзада Станалиева болсо эшиктеги жаан менен үйдөгү жылуулукту контрасттуу сүрөттөйт: “Эшикте жаан... Үйдө экөөбүз, үй жылуу...”. Андагы лирикалык каарман жаандан обочо, үйдөгү кылган тирлигине ыраазы: “таптап ичкен чайы демделүү, коломтодо казан кайнап, аш бышып атат, радиодо күйөөсү сүйгөн ыр жаңырып...”. “Эшикте

жаан... Үйдө экөөбүз, үй жылуу...”.Үч жолу рефрен болуп кайталанган бул сап лирикалык каармандын позициясын, оюн ого бетер бекемдеп, эшиктеги жаан менен үйдөгү “өзү сүйгөн бейпил кеч, ушул саам, ушул чак” карама-каршы сүрөттөлүп, ал карама-каршылык ого бетер тереңдетилип жүрүп отурат.

“От тамылжып, кеч биз менен кештелүү.
Сен эртеңки сапарыңын камын жеп,
А мен сенин кийиминди белендеп...
Ушул куттуу саамды кандай сүйөмүн...”.

Ал эми төмөнкү ыр – акын Бурулкан Сарыгулованын демейки жакшы ырларынын бири:

“Асман жиксиз. Бетин бербей сур булут,
Ак жамгырын төгүп жатат көшөрүп.
Кымгууту көп тириликтен жүдөгөн,
Киринүүдө бак-дарак, жол, көчө бүт.
Тириликтин тегирмени чарчаткан,
Терезени тиктейт көздөр айнекчен.
Көкүрөктө каалоо турат саруулап,
Чыксам деген жаан тосуп көйнөкчөн.
Бирок, антпейт. Жамгыр экөө эки жээк.
Бөлүп салган жылдар эчак араны.
Көз айнектин ар жагында бүлбүлдөйт,
Ошол кездин кирди-чыкты карааны.
Көз карыгып, мезгил кайтып калганда,
Эскерүүлөр кубат берип, жөлөп тур.
Бүт өмүрдү өткөн чакка байлаган,
Ушул жамгыр акыркысы эместир...
Асман жиксиз. Бетин бербей сур булут,
Ак жамгырын төгүп жатат көшөрүп.
Кымгууту көп тириликтен жүдөгөн,
Киринүүдө бак-дарак, жол, көчө бүт” [5].

Мындагы жамгыр – жаштыктын, тазалыктын символу. Ал “тириликтен жүдөгөн бак-дарак, жол, көчөнү жууп атат”. Анын жааганын терезеден карап отурган көз айнекчен адам бир кезги жаштыгындагыдай көйнөкчөн жамгырга жүгүрүп чыккысы бар, бирок ал курак, ал мезгил өтүп кеткен. Аны соороткон – эскерүүлөр, эсиндеги “кирди-чыкты караандар”. Жамгыр бир чети анын аргасыздыгын айгинелеген фактор болсо, бир эсе өмүрүн өткөн чакка байлаган жакшы көрүнүш. Мында акын адам өмүрүнүн учкулдугун эстетет. Жамгыр менен эки жээкте калышуу абдан аянычтуу. Жамгыр – табияттын татына, жаратылыштын эрке бөлүгү. Ал – бир кезги тазалык менен аруулук, баеолук менен пакизалык. Бул көрүнүктүү адабиятчы Бейшебай Усубалиевдин Алыкулдун “Жибек кийген эрке кызын” талдагандагы поэтикалык метафораны – “турмуш менен тагдырдын бир шылдыңын, дааналап айтканда, **адам аттуунун адамдык бир трагедиясын” эске салат.** Же болбосо Түгөлбай Казаков агайдын айтылуу “Жамгыр төктүсү” – кайрылгыс жаштыктын кайрыгы, бу да ошого үндөшөт. “Бул жамгыр балким акыркысы эместир...”. Жааган жамгыр бир жагынан кооптонтот, бир жагынан минтип үмүт дагы байлатат: “Өлбөгөн жанга жаз келээр...”. Айтор,

акын ырында бир эле жамгырды сүрөттөп койбой, анын адам турмушундагы, адам тагдырындагы ордун кошо жогорку көркөмдүктө берген.

Замирбек Орозбай уулу аттуу жаш акын болсо “Ак тамчылар арууласа анда мен, Ак сүйүү үчүн ыйлаганым бекерби” – деп өзүнүн сезим туйгусун өзүнчө кайрыйт:

“Бул жазгы жаан эмне мынча нөшөрлүү,
Буулукканбы токтоно албай көшөрдү.
Шуудураса шоокумуна бак-дарак,
Эске салды сени издеген көчөмдү.
Кусалыктын жеткениндей чегине,
Куят жамгыр курдаш өңдүү демиме.
Дайыныңды жоготкондо ошол түн,
Дал ушундай жамгыр жааса эмине.
Бул жазгы жаан эмне мынча нөшөрлүү,
Буюгамын арман коштоп көчөмдү.
Ак тамчылар аруулаcа анда мен,
Ак сүйүү үчүн ыйлаганым бекерби” [12]

Мында дагы жамгыр түрдүү элестерди берет. Ага байланышкан сөздөр: нөшөр, буулугуу, токтоно албоо, издөө, кусалык, жаз, буюгуу, арман, аруулоо, ак сүйүү, ыйлоо ж.б. Жамгырдын аруулап коe турган касиети бар. Мындай мүмкүндүк турганда кайсы бир жоготууну жоктоонун, ан үчүн көз жаш кылуунун мааниси жокпу?

“Шамалы каалганы сүзгүлөгөн,
чаба жаап майда жаан, удургутуп.
Коноктой чакырбаган, баса-көктөп,
баш багып сырттан катаал кабак түйүп,
кыш турат “мына келдим, эшик ач?”– деп [13]

бул – Залкарбек Назарматовдун көлөмдүү ырынан үзүндү. Ырдын жалпы мазмуну турмуштук көрүнүштү, “айылдан келип шаардык болуп кеткен” кишинин чакыртпай келип калган конокко асаар казаны жок, ички психологизмге жык абалын чагылдырат, келген кыш менен чакырыксыз келген мейман параллель сүрөттөлөт, лирикалык каарман үчүн экөөнүн орду бирдей. Автордун чаба жааган майда жааны – жаздын да, жайдын да эмес, кеч күздүн, кыштын жааны. Кышта да жаан жаайбы десең, аны биз жогоруда Гүлзада Станалиеванын ырынан жана да ага чейин жазылган Кыргыз эл акыны Акбар Рыскуловдун эгемендик *доордун толгонуусун, доордун санаасын астейдил берген ырынан эшиткенбиз:*

*“Түн жамына айтылчу барбы кеби?*
*Жашын төгөт айнекке башын жөлөп,*
*Жамгыр ушу жаныма жан биргеби?*
*Тышка чыктым чүмкөнө чолок тонум,*
*Кышта жамгыр токтобой шолоктодуң.*
*Карды сенин көз жашың көзөп өттү –*
*Барбы сенин тапканың, жоготконуң?*
*“Кардын башын кар жутат” дейби жамгыр?*
*“Кандын башын кан жутат” дейби жамгыр?*
*Дейди ойлорду башымдан жууп-чайып,*
*Мейли кышты кыскартсаң, мейли, жамгыр!”* [2].

*Бул ырга канчалык саясий боек сүртпөйүн десең дагы "кандын башын кан жутаарын" далилдеген биздеги фактылар "мына мен!" – деп четинен чыгат. А бирок мында кеп негизинен жаандын акындын жанына эш болгону жөнүндө. Жамгырдын жаш төккөнү, жамгырдын шолоктогону, баштагы дейди ойлорду жууп-чайыганы – ошол маанилүү.*

"Жакшы ырдын шаңдуу чыгат кайырмасы,
Жаан жааса чөп көгөрөт жайындасы.
Сезимди жакшы ойго бөлөп койсо,
Сезилбейт он беш жаштын айырмасы...

Майдалап жамгыр жааса көлмө толот,
Майрамда кең көчөлөр элге толот.
Эгерим сендей сулуу көрбөптүрмүн,
Эгерде сүйүп калсам эмне болот?.."

– деп жамгырды акын Догдурбек Юсупов ички сезимин билдирүүдөгү ачкыч катары берсе, көрүнүктүү акын Жолон Мамытов:

"Ойго салат өткөн өткүн, жааган жаан...
Улуулардын ысымдарын санаймын.
Чопулдатып жондор булут мамасын
Соруп жаткан тараптарга караймын.
Төө тикенди барсылдата чайнаган
Жаш ботолуу инген көздүн учунда.
Сени дайым өпкүм келет кучактап
Жаз жамгыры куюп турган учурда..."

– деп көңүл туйгусундагыларды жаратылыштын көрүнүштөрү менен эриш-аркак элестүү сүрөттөйт.

Качкын Асанбеков аттуу бир автор соцтармактагы барагында: "Жазгы жаан дыбыр-дыбыр. Жүрөктөрдө шыбыр-шыбыр. Жанданып бардык нерсе, Жан-жаныбар кыбыр-кыбыр..." – деп жаандын жаратылышты кыймылга келтирген кудуретин айткысы келет.

Кыскасы, жамгыр ырлары ар бир акында бар. Сөзсүз бар. Себеби жаан жүрөгү бар бир да кишини көңүлкош калтыра албайт. Студент кезибизде биз дагы:

"Нөшөр төгөт чачтарымдан тамат суу,
Жаанда калдым кол чатырым унуткан.
Дүйнө жапан, күн да көзүн ача элек,
Неге эрте буулугушкан булуттар.

Барам шашып, жетпей артта санаалар,
Буттарымды көлчүктөргө чөмүлтүп.
Токтой турчу кол чатырчан бир адам,
Эмнегедир таанышымдай көрүндүң.

Мейли тааныш, мейли болгун бейтааныш,
Келип турат бирөө менен сырдашкым.
Жаз жыттанган жамгыр чертип көңүлдү,
Угасыңбы окуп берем ыр жаздым" [7]

– деп жазган элек. Кийин “Издеткен жарык” аттуу китебибизге жогорку ырдын саптарын мисалга тартып Кыргыз эл акыны Сагын Акматбекова “Жолуң шыдыр болсун!” – деп батасын берген (“Өзүңдүн бир жакшы ырыңдагы “кол чатырчан бир адам” белгисиз бир бейтааныш да сага кайрылат, сени табат. Сенин окурманың сени табат”).

Сагын эженин өзүнүн “Жамгырын” эстегенде эсибизге ириде “Терезедеги жарыктагы” (1984) “Бүтпөй калган сүрөт” түшөт:

“Нөшөрлөгөн жамгыр жаңы басылган.
Кимдир бирөө чуркап чыгып, издерин
үй артына буруп кеткен. Жашылдан
жарык алган жаңы жыгач тосмолор...
Үй эшиги чала-жарым жабылуу
жаан өткүчө ачык турган окшогон...” [1].

“Чоң жол менен узап кеткен почточу”, “көчө ортодо калган үй”, жол, “кирбеген иңир” ж.б. лирикалык каарман үчүн “тааныш да, караңгы да”.

Башка бир ырындагы:

“Кандай чоочун башка жактын жамгыры...
Кагаз учуп каяктандыр, айрылган,
кайып өтүп кабат тамды тепселди
бут астына жолдон чуркап өткөндүн,
кандай муздак башка жактын жамгыры...”

– деген саптарда табияттын көрүнүшү элестүү берилет. Жаандын эле жаап атканы эмес, анын муздак илебинен “кагаз кайып учуп, жолдон чуркап өткөн адамдын бут алдына тепселгени” турмуштагыдай берилген. Адам кыймылын дагы акын элестүү берет – ал жолдон чуркап өтөт.

“Калаа жонун тызылдатып, камчыдай
каршы-терши тилип өттү чагылган.
Кандай муздак жүрөк отун басчудай,
Кандай ачуу алгачкы оор тамчылар.

Асман бүтүн көкүрөктө кайгысын
Жер үстүнө таштап ийген өңдөнүп,
Кара жамгыр сабап келди... Түн узун
Кандай узун болот анда кара түн...”.

Сагын эженин жамгыр жөнүндө ырлары көп. 80-жылдары аны сындаган Осмонакун агай “поэзиясында күндүн көзү ачылбайт экен” маанисинде сөз айтканын билебиз. Жаан-жакшылык заманда көздүн жашындай болуп чын эле эмнеге жаан куя берет десек, ал кыргыздын эмес, акын Адабият институтунда билим алып жүргөн кездеги Москванын жамгыры окшойт. Жогорку ырдагы “чоочун”, “муздак” эпитеттери дагы ошол жактын жамгырына байланыштуу айтылгандай. Андан дагы анын биринчи китеби бекер жерден “Жамгыр” (1970) деп аталбайт.

Акын Бактыгүл Көкөтаеванын “Жамгыр калсын эсимдеси” жеке ыр катары да, өзүнчө жыйнак катары да бери дегенде ушул ырларды эске салды. Себеби Бактыгүлдүн китебинин өзөгүн бүтүндөй жамгыр ырлары түзөт. Тактап айтканда, ырлардагы сагыныч, кусалык, өксүк ар дайым жамгырдын призмасынан каралат.

“Көктөм өткөн

Көздөр чөккөн,
Көңүлдөр жок баягы.
Жаздагы өктөм,
Жашын төккөн,
Жамгыр да жок андагы.

Көңүл бошоп,
Өмүр мокоп,
Күзгө айланат каректер.
Кандай десем,
Кайда кетсем,
Жансыз ушул даректен?

Эми баары
Арман, кайгы
Болсо болсун, болгондой!
Сен да кеттиң,
Кейибейин
Тагдыр өзү ошондой.

Эстегенде,
Кез келгенде,
Арманымдай сезилбе.
Жалгыз гана,
Жакшы ыр жана
Жамгыр калсын эсимде...” [4] .

Бул жамгырды түз сүрөттөгөн ыр эмес. А жамгырды, жакшы ырды, аларга байланышкан учурду эске салган ыр. Мында жанагы айтып аткан өкүт, сагыныч, куса, кеткенге ынануу бар. “Көңүл бошоп, өмүр мокоп, каректер күзгө айланган, даректер жансыз болгон”, арман, кайгы коштогон учурдун карама-каршысындагы көктөмдү сагынган ыр. Мындагы чоң контраст өткөн менен бүгүнкүнүн, көктөм менен күздүн карама-каршылыгына байланыштуу. Ой келет, ыр жазылып аткан учурдагы жыйырмага чыгып-чыкпаган кыз, автор кайсы “баягы көктөмдү” эстеп атат? Көрсө жаштыкта мезгил менен мейкиндиктин өлчөмү башкача болот окшобойбу. Кечээги эле таарынышкан кымбат адамы алыскы учурда калгандай, же болбосо жалгыздыкты өзүнчө туюу, керек болсо жанындагы топураган курбу-курдаштардын чок ортосунда туруп да өзүңдү жалгыз сезүү, “жашабай жатып” улгайгандай абалга түшүү, кечээги эле балалыктын кайрылбастыгын кабылдоо, жаштыктан алыстоодон, алдыдагы башка чакырым, мейкиндиктерден кооптонуу... Биз баарыбыз ушундай болгонубузду тана албайбыз. Тааныш сезим... Буга акындын башка саптары дагы күбө:

“Төгөт, төгөт, төгөт жамгыр. Тышта түн.
Мен да жаанда, мен да тышта түндөмүн.
Төккөн күнгө бактым өңдүү сүйүнүп,
Өткөн күнгө ыйлай албай келемин...

А сиз кайда, каяктасыз бул тапта?

Азыркы жаан кеттиби же чачылтып.
Асыл жаның аяп аккан тамчыны,
Акын жаның турса керек жанчылып.

Кайта эле мен жамгырлардан суурулуп,
Кайта эле мен кара ойлордон кирдеймин.
Калгандыктан өзүмдү эбак унутуп,
Канча жерге жөө келгеним билбеймин...” [4].

Бактыгүлдөгү жамгырдын образы карама-каршылыктуу. Биринчиден, ал түн менен ассоциацияланат. Жамгыр түндө төгүп атат. Ал эми лирикалык каарман дагы түндө, жаан алдында отурат. Бул, биздин оюбузча, анын сөздүн түз маанисинде какыйып эшикте отурганы жөнүндөгү сап эмес. Анын ички көңүл абалындагы түн, бир нерселерге бушайман болгондогу жан дүйнөнүн жааны жөнүндө сөз болуп атат. Экинчиден, кайра кара ойлорго акын жамгырды каршы коет. Анткени лирикалык каарман ар дайым эле жамгырдын таза дүйнөсүндө отуруп ала албайт. Ал кайра эле турмушка аралашат, кирдейт. Жамгырга келгенде акындын жакындыгы өзгөчө: “Ушул жамгыр бугум дагы, ыйым да” [39-б.], “Сыртта жамгыр, нөшөрлөгөн төгүлгөн. Тышта тагдыр көрүнбөгөн көрүнгөн” [40-б.] ж.б.

“Жамгыр калсын эсимдени”, кайрыгы башкача обонду (обон Бактыгүлдүн өзүнүкү) Кыргыз эл артисти Саламат Садыкова эжебиз чейрек кылымдан бери ырдап келатат. Анын репертуарындагы негизги ырлардын бири деп ойлойбуз. Эки жыл мурда аны кыргыздын дагы бир таланттуу кызы Залина Касымова темир комузга салып, элге кайра бир тартуулады. Эбак көкүрөгүбүзгө орноп калган болсо да обон бул ирээт дагы башка ачылышын тапты. Сөзү жок кезинде өзүнчө керемет! Сөзү дагы мыкты! “Адабиятка пайдам тийбесе жок, зыяным тийбесин” – деп калем кармабай койгон жылдары Бактыгүл үчүн өзүнчө тыныгуу болду. Ого бетер ичтен бышты. Эмики ырлары мурдагыдан да башкача чыгып атат. Кара сөздөгү тажрыйбалары болсо жаңы тема катары окурмандардын кызыгуусун туудурду. “Дордойдун сыйы менен ыйын” окуган окурман Советтер союзу урап, өлкө эгемендикти алган мезгилдеги кыргыз турмушунун картинасын көрөт. Бул – тарых. Эртеңки күн эмне болоорун аңдай албаган эл күнүмдүк көр-тирликтин ташпишин тартып, китептен, көркөм дүйнөдөн алыстап, түйшүккө малынды. Ошондой шартта жаңы ачылган “Дордой” базары канчалаган киши үчүн жумуш ордун түзүп, кучагын ачты. Бирок ага киргендердин баарынын эле телегейи тегиз болуп, ташы өйдө кулабагандыгын Бактыгүлдүн китебиндеги “Дордой” бөлүмү элестүү берет. Ал эми ошол эле картина, эл тагдыры лирикалык ырлардагы “Тирүүдөй жүргөн менен жер үстүндө, Дилинде өлүп жашайт канча жандар” [45-б.], “Толгон кезде ыйлап алып бирөөгө Мен да өксүгөн ыйын уктум канчанын” [40-б.], “Айталбай айтчу жерде чындыгымды, Жашоомду аралады канча жалган” [41-б.] сыяктуу ондогон астейдил саптарда чагылдырылган.

Бактыгүл Көкөтаеванын тырмак алды китебиндеги ырларынан эң негизгиси анын өз алдынчалыгы, образдардын (жамгырдын ж.б.) кайталангыстыгы көрүнөт. Өзүнө гана таандык назик, дирилдеген добушу, аялуу дүйнөсү жаны тазалыкты көксөгөн окурмандардын бардыгына жакын жана ошонусу менен көңүлгө түнөйт. Анын жамгыры, анын тоосу, анын балалыгы, ал жакшы көргөн кыш – баары жалпы. Анткени анын жазган темалары жекеликтен жалпылыкка өткөн. Кайсы бир калемгердин жеке нерсеси көпчүлүктүн көңүлүн толкута алса, окуган окурман андан өзүнүн нерсесин – кубанычын, кайгы-касыретин көрө алса, ошол жеңиш эмеспи.

Акындын ырлары эч бир кошулмасыз табигый. Өзүнө кандай келсе, келген нерсени кыркып-бутап отурбай, ошондой берет. Ошондуктан ойлоруна жараша түшкөн саптар дагы миң кырдуу, миң сырдуу. Китептин баш сөзүндө акын Жыргалбек Касаболот белгилегендей, "ырлар уйкашын, ыргагын бирде сактап, бирде сактабай, бирде кадимки ыр, бирде ак ыр, бирде эркин ыр түрүндө жазылганы" [3-б.], аркылуу саптардын мажбурсуз түшкөнүн, кайсы бир рамка-чектөөлөрдүн тоскоолдугусуз, өзү жазган жамгырдын, кардын, шамалдын, жадагалса бараткан көчтүн эркинде берилгенин даана көрүүгө болот. Ал өзүндөгү түшүнүксүз абалдардын себебин ата-бабалардын рухунан сураган учурлар бар:

...Ойлорум бириндеген,
Жүрөгүм өзүндө эмес,
Оордук бар билинбеген.
Мен киммин деги бүгүн?
Түшүнгүм келет, бирок түшүнбөймүн.
Бабалар айткылачы белги берип,
Баратам кайсы жолдо?
Багытым оңбу, солбу?
Өзүмдү күнөөлөөдөн тажап бүттүм,
Чындыкты ким окуду көзүмдөгү?
Билбеймин, туталанам...
Кубалап тириликти,
Кудайсыз жашаганга көнүп алгам.
Өлүмдөн корккон өңдүү
Коркомун кээде туруп жашагандан [4, 32-б.].

Мындагы кабат-кабат турмуштук суроолордун түбүн таппаган акын баары бир Тирүүлүккө башын ийет ("Дилиңди түшүнбөсөм түшүнбөдүм. Тирүүлүк, падышасың бүгүн маган"). Бул жана башка ырларынан байкалгандай, Бактыгүл Көкөтаеванын поэзиясынын өзөгүндө Жамгыр менен катар "Мен киммин?" деген чоң суроо турат. Жүрөгүнө жаз түнөткөн, жайлоонун бетегесин кечип ойногон, кышты жакшы көргөн кечээги тоолук кыз "көктө сүзгөн кыялдарын жоготуп, көптөр жүргөн көчө менен агылган кезинде" [19-б.], же жамгырдын ырын тыңшап көңүлү удургуган чагында кайра эле турмуш жөнүндө ой жүгүртөт: "Бармын бүгүн. Балким ушул жетиштүү" [38-б.]. Андай экен, "жаз келсе эле бакытты күтө берүүнүн" [25-б.], "алдыбызда ак карлардын жаашы бар" [22-б.] деп ак тилек кылуунун мааниси канча? Адам болгонго каниет кылып да, ошол эле учурдагы дагы башка бийиктиктерге, жакшылыктарга умтулуп да турган үчүн жашоо улана берет. Бактыгүлдүн ырларында ошол Жашоо бар. Ал ак-кара түстүү, кызыл-тазыл, миң добуштуу. Анын каарманы эртеңдерге умтулат, ошол эле учурда кечээгиден кол үзө албайт, караан үзгөн кездерди жоктойт: "чоктор учуп кызуу жалбырттап, чоң бороондо күйгөн от табын" [28-б] сагынат. Анткени ошол оттун табы каармандын Атасы бар кез менен байланыштуу. Атанын образы аркылуу тоонун образы кошо ачылат: жаңы таң, жалбырттаган от, кызыл чок, бороон, тоо-таш, жылкы, жылга, төш, тааныш караан, боз дөбөт, камчы, көч, чаң, чапкылаган атчан, бала өңөргөн эне, жомок, конуш, жайлоо, жүк, мал-жан, Кудай, кол арага жараган балдар, дуулдаган от, жылкылардын дүбүртү, ийиктей имерилген айлар ж.б. Бактыгүлдүн көркөм дүйнөсүн эң негизинен ушулар толуктайт: "Таңышып тагдырларын керегеуукка, Ташышып таң эртелей баштап көчтү" [44-б.] бараткан эл, бала кездеги тааныш картина – көч. Акын өзү айта турган теманы жакшы билет. Билген эч нерсе эмес, сезет. Ошол көч, ошол балалык,

ошол туулган жерди да, Жамгырды да. Болбосо, кайсы бир жаш акындын тоо жөнүндө ырында жаратылыштын бөлүгү катары кескелдирик сүрөттөлгөн учур да жок эмес. Бул жагынан биз сөз кылып аткан акын өзүнүн айтайын деген оюн жакшы билет. Анда ашыкча абстракция, себепсиз делөөрүү жок. Ал эң негизгиси укчуну угуп, көрчүнү көрө алат, негизгиси, сезет. Буга пейзаждык сүрөттөөлөрү, философиялык ойлору, сүйүү сезимдери күбө.

Тытмалап эски жараатты
Тышта жаан, тамчы дыбырайт... [37-б.]

– бул дагы тааныш картина. Бул жөн эле жаан эмес, бул – адамдын бүтүндөй дүйнөсүн аңтар-теңтер кыла турган сөз, эсте кала турган жамгыр...

Жыйынтыктап айтканда, жогорку ырлардан көрүнүп тургандай, "жамгыр" – бул акындардын саптарындагы жөн эле сөз эмес. Ал – автордун дүйнө кабылдоосунун поэтикалык чагылышы, акындагы поэтикалык образ. Ал эми образдын ачылышы ар кимде ар кандай. Кимдир бирөө үчүн жаштыктын, тазалыктын, пакизалыктын символу, кимдир бирөө үчүн кусалык, ыза, арманга үндөшөт, башкасына – сагынычтын белгиси. Кайсы бир акынга жамгыр коомдогу акыбалды аяндайт. Ким бирөөнүн арзуусун эске салат, башкалар жамгыр аркылуу мезгилди туят. Айрымдар жамгырдын өзүн көрөт, башкалар жамгыр аркылуу мурда анчейин мааниси жок нерселердин маанисин табат. Кээ бир учурда жамгыр адамдаштырылып, лирикалык каарман аны менен сүйлөшөт, сырдашат, Фантазия, кыял – ар кимдин чабыты ар кандай. Поэзияда ондогон ырлар жазылып аткан менен, ар бири индивидуалдуу, лирикалык каармандын ички дүйнөсүн ачуууда ар башка көркөм сөз каражаттары: метафора, метонимия, синекдоха, эпитет, гипербола, литота ж.б. колдонулат. Өз кезегинде жамгыр дагы кайра ар бир автордун дүйнөсүн ар башкача ачат. Бул өзүнчө изилдөөнү талап кылган нерсе – кыргыз акындарында жамгырдын образынын эволюциялык өнүгүшү бар.

Баамдагандай, жылаңайлак жаан астында жүгүрүү, "чачым жакшы өсөт" деп жаанга башын тосуу, жаандан кийинки асан-үсөндү утурлай чуркоо – балалыктын, бери дегенде жаштыктын иши. Ошол эле учурда жаан – өмүрдүн, жашоонун булагы. Көпкө жаан жаабай калса бекеринен ата-бабалар кан чыгарып, түлөө өткөрүшкөн эмес. Жазында жааган жаан – күзгү түшүмдүн кепилдиги ж.б. Толук, бүткүл өмүр-жашоосу жан-жаратылыш менен эриш-аркак болгон кыргыз үчүн жамгыр өзгөчө мааниге ээ.

Ооба. А бирок ал жамгырга эле ыраазы болбойт. Кыргыз акындары өзүндөгү көл бийкта калып, алыскы ата-бабалар көрө элек деңиздерге тартылат...

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акматбекова С. Терезедеги жарык. [Текст]. С.Акматбекова. – Б.: Мектеп. 1984. – 72 б.
2. Ибраимов О. Акбар акындын үмүтү жана күдүгү. Азаттык үналгысы. 2017-ж., 16-декабрь.
3. Касаболотов Ж. Бактыгүл Көкөтаеванын баёо дүйнөсү. Китепте: Көкөтаева Б. Жамгыр калсын эсимде. – Б.: Турар. 2024. – 3-14 бб.
4. Көкөтаева Б. Жамгыр калсын эсимде. [Текст]. Б.Көкөтаева. – Б.: Турар. 2024. – 96 б.
5. Сарыгулова Б. Мендеги мезгил. [Текст]. Б.Сарыгулова. – Б.: Турар. 2024.
6. Усубалиев Б. Алыкулдун "Жибек кийген эрке кызы" же адамдын адамдык трагедиясы. Рухэш сайты. https://ruhesh.kg/ky/dasmiya/1928-usubaliev-

beyshebay/beyshebay-usubaliev-alikuldun-zhibek-kiygen-erke-kizi-zhe-adamdin-adamdik-tragediyasi
7. Эгембердиева А. Издеткен жарык. [Текст]. А.Эгембердиева. Каракол. 1996.
8. Эгембердиева А. Шүүдүрүм. [Текст]. А.Эгембердиева. – Б.: Сорос-Кыргызстан. 1998.
9. Эгембердиева А. Кыргыз аялдар поэзиясы: көркөм табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү. [Текст]. А.Эгембердиева. – Б.: Аят. 2012. – 272 б.
10. Эгембердиева А.
11. Алтынай Асанбекова https://www.boomplay.com/lyrics/123965807
12. Замирбек Орозбай уулу. https://www.instagram.com/p/B4G_LqYJpF_/
13. https://www.instagram.com/gulzada.stanaliyeva/reel/Cyqe6VEvIEi/?locale=en_US%2Cen_US%2Cen_US%2Cen_US
14. Залкарбек Назарматов. https://t.me/s/kg_adabiyat?before=331

**Рецензент: Ж. Орозалиева**